Биздин ушул кайрылуубузга туура жыйынтык чыгарып, биздин кайрылуубузду колдоп Горная-Серафимовка айылынын аталышын "Кебек-Бий" айылы деп чечим чыгарып берет деген ишеничтебиз.

Горная-Серафимовка айылынын элдеринин айылдын аталышын которуу боюнча коллективдүү арызын, айылдык Кенештин социалдык иштер боюнча туруктуу комиссиясынын чечимин карап, талкуулап, Кыргыз Республикасынын Президенти А.атамбаев быйылкы 2016-жылы "Тарыхтын жана маданияттын жылы" деп белгилегендигин эске алуу менен Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кабыл алат:

1. Горная-Серафимовка айылын "Кебек бий" айылы деп котороуга макулдук берилсин.
2. Айылдын аталышын котороуга кеткен чыгымдары "Кебек бийдин" урпактарына жана туугандарына милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын айылдык Кенештин социадык иштер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Алыбаев А.Ж. жана Горная-Серафимовка айылынын айыл башчысы Аманкулов Ч.К. көзөмөлгө алсын.

   Токтом бир добуштан кабыл алынды.

Ысык-Ата айылдык Кенешинин төрагасы М.Андашов